**Бишкек шаарындагы №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 5-11-класстарынын ата-энелер чогулушунун**

**№__2__ ПРОТОКОЛУ**

**27.01.2024** **Бишкек шаары**

**Темасы: Билим сапатын көтөрүүдө ата-эненин ролу**

**Катышкан:__258__**

**Каралуучу маселелер:**

1. 1-жарым жылдык боюнча отчет-анализ жана класстардын билим сапаты;

2. Окуучулардын мектепке чейинки жана мектептен кийинки убактагы коопсуздугу тууралуу маселелер;

3. Укук бузуу боюнча иш аракеттер жана мектептин электрондук почтасына жөнөткөн коопту чалуулар (бомба ж.б) тууралуу маалыматтар;

4. Ар кандай маселелер.

**Угулду:**

1- маселеде, тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан ата-энелерге мектептин 1-жарым жылдыкта аткарылган иштери боюнча ошондой эле 5-8-класстардын билим сапаты тууралуу маалымат берилди.

2-маселе боюнча окуучулардын мектептен сырткары коопсуздугуна толугу менен ата-эне жоопкерчиликтүү.Андыктан ата-энелерге балдардын ден соолугуна сак болуусун эскертүү берди.

3-маселе боюнча КРнын Кылмыш-Жаза кодексинин 259-беренесинде каралган чаралар: “Адамадардын өлүмүнө же оор залалдын келип чыгышына коркунуч туудурган жардыруу өрттөө же башка аракеттер жөнүндө атайылап жалган билдирүү жасоо” жана ушул беренеде каралган чаралар (жаза), ошондой эле тиешеси бар адамдын бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө жумуш же 500дөн 1000ге чейинки эсептик көрсөткүчтөгү айып пул түрүндө жоопкерчиликтүүлүгү же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланары тууралуу ата-энелерге маалымат берилди.

4-маселеде ата-энелерге окуучулардын сабакка катышуусу, формасы, кечигүүсү тууралуу балдары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсү тууралуу милдеттендирилди. Класстар арасында тартип бузуу иш аракеттер жүргүзүлсө, бир нече эскертүүлөрдөн кийин балдар иштери боюнча комиссияга чыгарылары тууралуу маалымат берилди.

**Токтом кылат:**

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатууга иш аракеттер жүргүзүлсүн. Бул ишти көзөмөлдөө класс жетекчилерге жүктөлсүн.

2. Коопсуздук маселе тууралуу окуучуларга маалымат жеткирилсин. Бул ишти аткарууга ата энелерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

3. Тартип бузуу боюнча алдын алуу иш аракеттери аткарылсын жана бул ишти тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетовага жүктөлсүн.

4. Балдардын сабакка катышуусун,кечигүүсүн, тазалыгын, класс жетекчи көзөмөлдөсүн. Бул ишти көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча дирекордун орун басары Н.Э.Мамбетовага жүктөлсүн.

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары** Н.Э.Мамбетова

**Катчы** Алтынбек кызы Таттыбүбү

**Бишкек шаарындагы №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 5-11-класстарынын**

**ата-энелер чогулушунун**

**№2 ПРОТОКОЛУнун көчүрмөсү**

**27.01.2024** **Бишкек шаары**

**Төрайымы- Жээнтаева Зейнегүл Элебесовна**

**Катчысы-Мамбетова Назира Эркинбековна**

**Катышкандар: 258 ата-эне**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Укук бузуу боюнча иш аракеттер жана мектептин электрондук почтасына жөнөткөн кооптуу чалуулар (бомба ж.б) тууралуу №97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору Жээнтаева Зейнегүл Элебесовнанын баяндамасы

**УГУЛДУ:**

1. КРнын Кылмыш-Жаза кодексинин 259-беренесинде каралган чаралар: "Адамадардын өлүмүнө же оор залалдын келип чыгышына коркунуч туудурган жардыруу өрттөө же башка аракеттер жөнүндө атайылап жалган билдирүү жасоо" жана ушул беренеде каралган чаралар (жаза), ошондой эле тиешеси бар адамдын бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө жумуш же 500дөн 1000ге чейинки эсептик көрсөткүчтөгү айып пул түрүндө жоопкерчиликтүүлүгү же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланары тууралуу ата-энелерге маалымат берилди.

**ТОКТОМ КЫЛАТ (ЧЕЧИМ КЫЛАТ):**

1. Тартип бузуу боюнча алдын алуу иш аракеттери аткарылсын. Бул ишти аткарууга ата-энелерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

2. Ал эми көзөмөлдөө иши тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетовага жүктөлсүн.

.

Төрайымы:____________ З.Э.Жээнтаева

Катчы: ____________ Н.Э.Мамбетова

**Бишкек шаарындагы №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 9-11-класстарынын ата-энелер чогулушунун**
**№3 ПРОТОКОЛУНнун көчүрмөсү**

**25.04.2024** **Бишкек шаары**

**Төрайымы- Жээнтаева Зейнгегүл Элебесовна**
**Катчысы- Бактыбек кызы Чынаркүл**
**Катышкандар -125 ата-эне**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Дарыканалык баңгизат (аптечная наркомания) тууралуу;
2. Укук бузуу боюнча иш-аракеттер жана жалган маалыматтарды таратуу.

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетованын баяндамасы.

**УГУЛДУ:**

1. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин жаш өспүрүмдөрүнүн ден соолугун алдын алуу максатта дарыканалык баңгизат (аптечная наркомания) тууралуу ата-энелерге маалымат берилди.
2. КРнын Кылмыш-Жаза кодексинин 259-беренесинде каралган чаралар: “ Адамадардын өлүмүнө же оор залалдын келип чыгышына коркунуч туудурган жардыруу өрттөө же башка аракеттер жөнүндө атайылап жалган билдирүү жасоо” жана ушул беренеде каралган чаралар (жаза), ошондой эле тиешеси бар адамдын бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө жумуш же 500дөн 1000ге чейинки эсептик көрсөткүчтөгү айып пул түрүндө жоопкерчиликтүүлүгү же беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланары тууралуу ата-энелерге маалымат берилди.

**ТОКТОМ КЫЛЫНАТ:**

1. Оукуучуларга класс жетекчи жана ата-энелер тарабынан дарыканалык баңгизат тууралуу алдын алуу иштери жүргүзүлсүн жана милдеттендирилсин.
2. Тартип бузуу боюнча алдын алуу иш-аракеттери аткарылсын. Бул ишти аткарууга класс жетекчилер жана ата-энелерге жүктөлсүн.

Ал эми көзөмөлдөө иши тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетовага милдетттендирилсин.

Төрайымы: З.Э.Жээнтаева

Катчы: Бактыбек кызы Чынаркүл

**Бишкек шаарындагы №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 9-11-класстарынын ата-энелер чогулушунун**

**№4 ПРОТОКОЛУ**

**13.05.2024** **Бишкек шаары**

**Төрайымы- Жээнтаева Зейнгегүл Элебесовна**

**Катчысы- Бактыбек кызы Чынаркүл**

**Катышкандар -** 120 **ата-эне**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Жалпы республикалык тестирлөөнү өткөрүү жөнүндө;
2. "Акыркы коңгуроо" салтанаттуу иш-чарасын өткөрүү жөнүндө.
3. Массалык иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө;
4. Укук бузуун алдын алуу жана коопсуздугу тууралуу;

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Б.Ашырбековдун баяндамасы.

**УГУЛДУ:**

1. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 11-класстардын окуучуларын жана ата-энелерин №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2024-жылдын 11-майындагы №18 "Жалпы республикалык тестирлөөнү өткөрүү жөнүндө" буйругу менен тааныштырды жана ата-энелердин ЖРТ тапшыруудагы жол коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилди.

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетованын баяндамасы.

2. 2023-2024-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнүн өмүрүнүн коопсуздугун сактоо максатында 2024-жылдын 13-майындагы "Акыркы коңгуроо"салтанаттуу иш-чарасын өткөрүү жөнүндөгү буйругу менен окуучуларга жана ата-энелерге тааныштырылып, салтанаттуу иш-чарадан кийинки убактагы коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилди.
3. 2024-жылдын 11-майындагы №17 "Массалык иш-чараларды өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө" буйругунун негизинде окуучуларды тоого экскурсияга чыгарууга, унаа жалдап сейилдөөгө, кафе-ресторандарда чогулууга тыюу салынгандыгы жөнүндө маалымат берилди.
4. Жаш өспүрүмдөр арасында топ менен мушташ жана укук бузган учурда мыйзамдуу өкүл катары ата-энелер жоопкерчилик аларын эскертти.

**ТОКТОМ КЫЛЫНАТ:**

1. Окуучуларга класс жетекчи жана ата-энелер тарабынан маалыматтар, түшүндүрүү жана алдын алуу иштери жүргүзүлсүн жана милдеттендирилсин.

2. “Акыркы коңугуроо” салтанаттуу иш-чаралар өткөрүлсүн жана коопсуздук иш-аракеттери аткарылсын. Бул ишти аткарууга уюштуруу иштери Шайдин кызы Диана жана Алтынбек кызы Таттыбүбүгө, жооптуу нөөмөттө турган мугалимдерге жана класс жетекчилерге жүктөлсүн.
3.Класс жеткечилер тарабынан ата-энелерге жана окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн. Бутүрүүчүлөрдүн коопсуздугу ата-энелерге милдеттендирилсин.
4. Укук бузуу боюнча алдын алуу жана түшүндүрүү иштери жүргүлсүн. Бул ишти аткарууга ЖИИ М.К. Алтынбаевге жүктөлсүн.

Ал эми көзөмөлдөө иши тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Э.Мамбетовага милдетттендирилсин.

**Катчы:** ______________ Бактыбек кызы Чынаркүл